## 10–12-класстардын окуу планын түзүү үчүн сунуштар

*(Профилдик билим берүүнү киргизүүнүн алкагында)*

***Артыкова Жылдыз Абдисаламовна***
*физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент, Агартуу министрлигинин алдындагы “Секторду өнүктүрүү долбоору: Мектептик билим берүүнү реформалоо” долбоорунун аткаруу бөлүмүнүн предметтик стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди кайра кароо боюнча улуттук эксперти*

## КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасында 12 жылдык жалпы билим берүү системасына өтүү жөн гана окуу мөөнөтүн узартуу катары каралбашы керек. Эгер 12 жылдык билим берүү учурдагы 11 жылдык системанын мазмунун өзгөртпөстөн кошумча бир жыл менен чектелсе, анда ал билим берүүнүн сапатына олуттуу таасир бербейт. Ошондуктан 12 жылдыкка өтүүнүн негизги мазмундук өзгөрүүсү жогорку класстардын (10–12-класстар) макамын кайра аныктоо менен байланыштуу болушу зарыл. 10–12-класстар жалпы билим берүүнү улантуучу этап эмес, окуучунун андан аркы билим алуусуна жана кесиптик багыт алуусуна даярдоочу адистештирилген жогорку мектеп баскычы катары каралууга тийиш. Бул баскычтын негизги максаты – окуучунун кызыкчылыгына, жөндөмүнө жана келечектеги кесиптик траекториясына ылайык тереңдетилген билим берүү аркылуу жогорку окуу жайына же эмгек рыногуна даярдоо.

Азыркы учурда жогорку класстардын окуучулары көп сандагы предметтерди (2025-26-окуу жылынын базистик окуу планы боюнча 10-11-класста предметтердин саны – 15) бирдей көлөмдө окушат. Бул көп учурда окуучунун эч бир багыт боюнча жетиштүү деңгээлде терең даярдыгын камсыз кыла албай калышы мүмкүн.  Натыйжада бүтүрүүчүлөр жогорку окуу жайларына кирүү үчүн мектептен тышкары кошумча даярдыкка (репетитордук окутууга) муктаж болуп калышат. Бул мектептин ролунун төмөндөшүнө алып келип, билим берүү системасынын эффективдүүлүгүн азайтат. 12 жылдык билим берүүнүн алкагында 11–12-класстар үчүн “кең эмес, терең окуу” талабына ылайык окуу мазмунун аныктоо сунушталат. Буга ылайык окуучу бардык предметтерди бирдей деңгээлде окубастан, белгилүү бир билим берүү профилин тандайт жана ошол багыт боюнча тереңдетилген даярдык алат.

## 10-12-КЛАССТАРДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУН КЛАССТАРГА БӨЛҮШТҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Жалпы орто билим берүүнүн мазмуну 9-класстын базасы менен толук аткарылбайт. 10-12-класстарда жалпы орто билим берүүнүн милдеттүү бөлүгүн (жалпы окуу жүгүнүн 65%-80% түзөт) 3 жылга созуу (чоюу) да максаттуу эмес. Анткени акыркы 5 окуу жылындагы базистик окуу пландардын негизинде сабактардын саны 15 болсо, профилдик билим берүү менен дагы башка сабактар киргизилсе, анда окуучу бир убакытта 17-19 сандагы сабактарды окушу мүмкүн. Бул сабактардын натыйжалуулугун жоготуп, окуучунун билиминин сапатын төмөндөтүшү мүмкүн. Ошондуктан мектептин жогорку баскычынын (10–12-класстардын) функцияларын так ажыратуу зарыл.

Дүйнөлүк билим берүү практикасы көрсөткөндөй, жалпы билим берүү системасы үч ири баскычка бөлүнөт: башталгыч билим берүү, негизги (жалпы) билим берүү жана адистештирилген же профилдик билим берген жогорку баскыч. Эл аралык практикада жогорку баскычты жалпы билим берүүнүн уландысы катары эмес, окуучунун келечектеги билим берүү багытын аныктоочу этап катары карашат. Бул документти даярдоодо билим берүү боюнча дүйнөдөгү эң таасирдүү уюмдардын бири болгон, PISA эл аралык изилдөөсүн жүргүзгөн OECD уюмунун OECD Learning Compass 2030 документинде 21-кылымдын окуу планынын модели сунушталат. https://www.oecd.org/content/dam/oecd/en/publications/reports/2018/06/the-future-of-education-and-skills_5424dd26/54ac7020-en.pdf?utm_source=chatgpt.com

Бул уюм дагы бир отчетунда мектептин жогорку баскычындагы билим берүүнү “окуучуларды жогорку билимге же эмгек рыногуна даярдоочу адистештирилген баскыч” болушу зарыл экендигин көрсөтүп, бирок бүгүнкү күндө көпчүлүк мектептердин окуу планында 70–80% убакыт жалпы предметтерге кетерин белгилеген.

https://www.oecd.org/en/about/projects/future-of-education-and-skills-2030.html?utm_source=chatgpt.com

OECD мындай моделди “overloaded curriculum\ перегруженная учебная программа\ ашыкча жүктөлгөн окуу планы” деп атайт. Бул отчетто белгиленгендей окуу планында предметтердин санынын көптүгү – тайыз билим. OECD Learning Compass 2030 отчетунда мындай деп жазылып турат “Жогорку класстарда окуучу өзүнүн келечектеги траекториясына ылайык терең окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.” (Булак: OECD. The Future of Education and Skills 2030 https://www.oecd.org/education/2030-project/).

Башка өлкөлөрдүн да бул багыттагы тажрыйбаларын карап көрөлү. Финляндиянын мектептик билим берүүсүнүн жогорку баскычында (Upper Secondary School) милдеттүү жалпы билим окуу убактысынын 1/3 (33%)

бөлүгүн түзөт. (Булак: Finnish National Agency for Education https://www.oph.fi/en/education-system/general-upper-secondary-education)

Cambridge билим берүү системасы баш болгон бир топ эл аралык мектептик билим берүү системасы тааныган A-Level профилдик билим берүү системасында да жогорку класстарда окутуунун натыйжалуулугу предметтердин санынан көз каранды экендиги эске алынган жана бул баскычта предметтердин саны 6, үчөө жалпы деңгээлдеги (SL) предметтер, калган үчөөн окуучу тандайт.

(Булак: UK A-Level structure https://www.cambridgeinternational.org/programmes-and-qualifications/cambridge-advanced/cambridge-international-as-and-a-levels/)

A-Level – жалпы орто билим берүүнүн жогорку баскычында окуучунун тандоосуна жараша белгилүү бир предметтерди тереңдетилген деңгээлде өздөштүрүүнү камсыз кылган профилдик окуу системасы. Ал окуучуну жогорку окуу жайда окууга жана кесиптик багытын аныктоого даярдоого багытталат.

Германияда мектептик билим берүүнүн жогорку баскычында (Gymnasium Oberstufe) окуучу 6 предмет окуйт, үч предмет Higher Level (240 саат), үч предмет Standard Level (150 саат)

Булак: https://www.kmk.org/fileadmin/Dateien/pdf/Dokumentation/en_2023.pdf

Кытай Эл Республикасынын жалпы орто билим берүү системасында жогорку баскыч (10–12-класстар) профилдик принцип боюнча уюштурулган. 2017-жылдан баштап киргизилген “3+1+2” модели боюнча бардык окуучулар үч милдеттүү предметти (кытай тили, математика, англис тили) окушат, андан тышкары бир багыт аныктоочу жана эки тандалма предметти тандашат. Натыйжада жогорку класстын окуучусу орточо 6 негизги предмет боюнча терендетилген даярдык алат. Кошумча дене тарбия жана искусство боюнча сабактар болушу мүмкүн. Бул системаны жогорку мектепти жалпы билим берүүнүн уландысы эмес, жогорку окуу жайга даярдоочу адистештирилген баскыч катары карайт.

Кыскача айтканда эл аралык тажрыйбалардын негизинде базистик окуу пландагы предметтердин саны боюнча оуу пландардын түрү боюнча төмөнкүлөрдү белгилегенге болот:

- **Терең профилдештирүү окуу планы –** окуу планы 3-4 предметти кармап турат.
- **Кеңири бирок, структураланган окуу планы** – окуу планы 6-7 предметтен турат.
- 10дон ашуун предметтерди кармаган окуу планы.

Жогорудагы эл аралык тажрыйбалар көрсөткөндөй 12 жылдык билим берүүнүн профилдик (предметтик профилдик же жумушчу профилдик) баскычында предметтердин санын кескин кыскартуу максаттуу. Ошондуктан Кыргызстандын 12 жылдык мектептик билим берүү системасында мектептин жогорку баскычынын биринчи жарымында жалпы орто билим берүүнүн милдеттүү бөлүгүн толук аяктоо менен профилдик билим берүүнү экинчи жарымында уюштуруу аркылуу профилдик билим берүүнүн окуу планындагы предметтердин санын кыскартууга болот.

Демек, мектептин жогорку баскычынын биринчи жарымында окуучу базалык жалпы билимге ээ болуп, андан ары билим алуунун багытын тандоого даяр болот. Ал эми экинчи жарымы болсо профилдик билим берген баскыч катары уюштурулушу керек. Бул баскычта предметтердин саны кескин азайып, окуучу тандалган багыт боюнча тереңдетилген окутуу жүргүзүлөт. Мындай ыкма эл аралык билим берүү системаларында кеңири колдонулат.

Жогорудагы ачык булактардан алынган маалыматка таянсак, Улуу Британияда мектептин жогорку баскычы A-Level программасы аркылуу уюштурулат. Бул этапта окуучулар бардык предметтерди окубайт, тескерисинче 3–4 негизги предметти гана тереңдетип окушат жана университетке ошол багыт боюнча даярданышат. Бул модель жогорку мектепти жалпы билимдин уландысы эмес, академиялык адистештирүү баскычы экенин көрсөтөт. Ушундай эле принцип Германиянын гимназиясынын жогорку баскычында (Oberstufe) колдонулат, окуучулар “Leistungskurse” деп аталган тереңдетилген предметтерди тандап окушат жана университетке ошол багыт боюнча киришет. Мындай түзүм окуучунун кызыкчылыгына жараша окуу траекториясын калыптандырууга багытталган.

Финляндияда да жалпы билим берүү 9-класста аяктап, андан кийинки жогорку баскыч (general upper secondary school) модулдук жана тандалма курстар аркылуу уюштурулат. Окуучу өзүнүн окуу программасын түзүп, белгилүү бир багытта тереңдетилген билим алат. Бул система окуучунун жеке билим берүү траекториясын түзүүгө мүмкүндүк берет.

Ошондуктан 12 жылдык билим берүү системасында билим берүүнүн мазмунун төмөнкүдөй бөлүштүрүү сунушталат:

- Жогорку баскычтын биринчи жарымы (мүмкүн 10-класс жана 11-класстын биринчи жарымы кошо) – жалпы орто билим берүүнүн жыйынтыктоочу жана профилди тандоого даярдоо баскычы. Окуучулар баары милдеттүү түрдө бирдей окуу план менен окушат. Элективдүү курстун эсебинен профилдик билим берүүнүн кайсыл бир курсун (предмети) да ушул этапта окутууга болот.
- Жогорку баскычтын экинчи жарымы (мүмкүн 11-класстын экинчи жарымы жана 12-класс) – профилдик билим берүүнү ишке ашырат. Окуу

предметтеринин саны кескин кыскарат, окуучулардын тандоосу менен **академиялык профилдик** жана **практикалык-профилдик билим** берилет.

Мындай модель профилдик окутууга бир нече артыкчылык берет:

- ✓ окуучунун окуу жүгү азаят;
- ✓ окуунун мазмуну тереңдейт;
- ✓ мектеп менен жогорку окуу жайдын ортосундагы ажырым кыскарат (кесиптик билим берүүнүн окуу планындагы социалдык-гуманитардык блоктун айрым мектепте окутулган предметтери кыскарат);
- ✓ репетитордук окутууга көз карандылык азаят;
- ✓ кандайдыр бир жумушчу кесипке же көндүмдөргө ээ болот;
- ✓ бүтүрүүчү кесиптик тандоого даяр болот.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ ҮЧҮН ДАЯРДАЛГАН "МАТЕМАТИКА" ЖАНА "ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР" ПРЕДМЕТТЕРИ ҮЧҮН ЖАҢЫ МУУНДАГЫ КИТЕПТЕРДИН 7-12-КЛАССТАРДАГЫ ОРДУ ЖӨНҮНДӨ

12 жылдык билим берүү үчүн адаптацияланып, даярдалып жаткан жаңы муундагы окуу методикалык комплекстер Сингапурдук Marshall Cavendish басмасынын төмөнкү окуу ресуртарынын негизинде даярдалууда:

1. Cambridge Lower Secondary Mathematics 7,8,9-класстар үчүн Математика боюнча окуу методикалык комплекстери
2. Cambridge Lower Secondary Science 7,8,9-класстар үчүн Табигый илимдлер боюнча окуу методикалык комплекстери
3. Cambridge IGCSE Core and Extended Mathematics Математика боюнча окуу методикалык комплекси
4. Cambridge IGCSE Biology Биология боюнча окуу методикалык комплекси
5. Cambridge IGCSE Physics Физика боюнча окуу методикалык комплекси
6. Cambridge IGCSE Chemistry Химия боюнча окуу методикалык комплекси

Бул Cambridge Lower Secondary 7,8,9-класстардын окуу методикалык комплекси Кыргызстанда 12 жылдык билим берүүнүн тиешелүү класстарында билим берүүдө колдонууга сунушталган. 2025-2026-окуу жылынан баштап 7-класстын окуучулары бул китептер боюнча билим алып жатышат. Cambridge Pathway моделинде Lower Secondary баскычы 11–14 жаштагы окуучулар үчүн каралган жана кийинки IGCSE деңгээлине даярдоочу фундаменталдык баскыч катары аныкталат. Cambridge International, Lower Secondary programme

рамкасына ылайык бул этап окуучуларды жогорку баскычтагы академиялык окууга даярдоону, өз алдынча ой жүгүртүүнү жана көйгөйлөрдү чечүү жөндөмүн өнүктүрүүнү максат кылат.

(Булак: Cambridge International, Lower Secondary programme framework: https://www.cambridgeinternational.org/programmes-and-qualifications/cambridge-lower-secondary/ ).

Ал эми 9-класстан кийинки класстар үчүн сунушталып жаткан окуу методикалык комплекстер IGCSE деңгээли үчүн түзүлгөн. IGCSE дүйнөдө "post-basic education exit point же негизги билим берүүдөн кийинки өтүү чекити" деп аталып, жалпы билимдин базалык академиялык этабы. Бул деңгээлди аяктагандан кийин окуучу бирдей окуу траекториясы менен кетпейт, окуучунун тандоосу менен билим алуу траекториялары түзүлөт.

Башка өлкөлөрдүн практикасына серeп салалы. Улуу Британияда болжолдуу окуучулар 16 жашта бул деңгээлди окуп бүтүшөт, андан кийин колледжге (Further Education College) тапшырышат же A-Level деңгээли менен билимди терeңдетип окууну улантышат. (Булак: UK Department for Education https://www.cambridgeinternational.org/programmes-and-qualifications/cambridge-upper-secondary/cambridge-igcse/?utm_source=chatgpt.com).

Ал эми Сингапурдун "Singapore Examinations and Assessment Board (SEAB)" Сингапурдун улуттук экзамендер борборунун 2024-2025-жылдык отчетунун негизинде алынган маалыматтарга таянсак, O-Level деңгээли орто мектептин аягы, бул билим колледжге, башкача айтканда орто кесиптик билим алууга негиз болот. Окуучулардын кайсыл бир бөлүгү O-Level деңгээлинен кийин A-Level (pre-university) деңгээлинде же ага эквиваленттүү терeңдетилген билим алышат, бул A-Level академиялык деңгээл жогорку окуу жайына тапшырууга негиз болгон билим.

(Булак: https://file.go.gov.sg/seabannualreport2024-2025.pdf).

Ошондуктан, Кыргызстандын мектептеринде жогорку баскычтын биринчи жарымында жалпы орто билим берүүнүн базалык академиялык этабы катары уюштурулуп, окутуу Cambridge IGCSE Mathematics (Core and Extended), IGCSE Biology, IGCSE Physics жана IGCSE Chemistry окуу-методикалык комплекстеринин негизинде жүргүзүү максатка ылайыктуу. Бул этапта аталган окуу китептеринин жардамында окуучулар жалпы орто билим берүүнүн STEM предметтери боюнча базалык мазмунун милдеттүү өздөштүрүшөт жана функционалдык сабаттуулукка жетишет. Аталган деңгээл "post-basic education exit point" катары каралып, аны ийгиликтүү аяктаган окуучуларга билим алуунун мындан аркы траекториясын тандоого мүмкүнчүлүк берилет. Демек, **бул деңгээлдеги билим орто кесиптик билим**

**берүү уюмдарына өтүүгө же мектептин профилдик баскычында (жогорку баскычтын экинчи жарымы) окуусун улантууга негиз** болот.

Белгилей кете турган болсо, Cambridge IGCSE бул эл аралык орто билим берүү квалификациясы. Cambridge Assessment International Education буга мындай мүнөздөмө берет. IGCSE qualifications are internationally recognised as equivalent to upper secondary school qualifications. Башкача айтканда, IGCSE эл аралык деңгээлде жалпы орто мектепти аяктоо деңгээли.

(Булак: https://www.cambridgeinternational.org/programmes-and-qualifications/cambridge-upper-secondary/cambridge-igcse/qualification/)

Мектептик билим берүүнүн жогорку баскычынын экинчи жарымы профилдик билим берүү баскычы катары уюштурулуп, окутуу тандалган багыт боюнча терeңдетилип жүргүзүлөт. Бул этапта Cambridge International AS/A Level программасына же ага эквиваленттүү программаларга ылайык предметтерди тереңдетип окутуу сунушталат. Профилдик окутуу окуучуну жогорку окуу жайларында (анын ичинде эл аралык ЖОЖдорго) билим алууга түз даярдоону, академиялык жана изилдөө ишмердүүлүгүнүн баштапкы көндүмдөрүн калыптандырууну камсыз кылат.

Жогоруда белгиленгендерди эске алуу менен жыйынтыктап айтканда Cambridge Pathway билим берүү моделинин логикалык ырааттуулугун, ошондой эле окуучунун куракттык жана когнитивдик өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен 12 жылдык жалпы билим берүү системасында окуу мазмунун этап-этабы менен өздөштүрүү сунушталат. 7–9-класстарда Cambridge Lower Secondary Mathematics жана Cambridge Lower Secondary Science окуу-методикалык комплектеринин негизинде окутуу жүргүзүлөт. 10-12-класстын биринчи жарымында Cambridge IGCSE Mathematics (Core and Extended), IGCSE Biology, IGCSE Physics жана IGCSE Chemistry окуу-методикалык комплектеринин негизинде жүргүзүлсө, 2-жарымында Cambridge International AS/A Level деңгээли же ага эквиваленттүү программалардын негизинде предметтерди тереңдетип окутуу сунушталат.

**Lower Secondary → IGCSE → A-Level (же ага теңдеш программалар).**

## 10-12-КЛАССТАРДА БИЛИМ БЕРҮҮ МАЗМУНУН КУРАМЫН АНЫКТОО ЖӨНҮНДӨ

10–12-класстардагы билим берүү мазмуну үч өз ара байланышкан компоненттен турушу сунушталат:

- милдеттүү жалпы билим берүү компоненти

- ❖ академиялык-профилдик билим берүү компоненти (профилдик негизги багыттар боюнча A-Level деңгээлин камсыздаган же ага теңдеш программалар боюнча билим берүү)
- ❖ практикалык-профилдик билим берүү компоненти

Төмөндө булардын ар бирине мүнөздөмө берилди.

❖ **Милдеттүү жалпы билим берүү компоненти**

Бул компонент бардык окуучулар үчүн бирдей болуп жана жарандык, социалдык жана коммуникациялык компетенцияларды калыптандырууга багытталат. Анын курамына мамлекеттик тил, окутуу тили, чет тил, тарых жана жарандык билим берүү, математика, табигый илимдер боюнча базалык даярдык жана дене тарбия сыяктуу жалпы билим берүү предметтери кирет. Бул баскычта STEM предметтери боюнча Cambridge IGCSE деңгээлин камсыздаган билим берүү уюштурулат. Жалпы орто билим берүүнүн милдеттүү бөлүгү болот.

❖ **Предметтик профилдештирүү же академиялык-профилдик билим берүү компоненти**

Бул 12 жылдык билим берүүнүн негизги өзөгүн түзгөн компоненттин бири. Ал предметтер боюнча профилдештирүү деп аталып, окуучу тандаган багыт боюнча тереңдетилген академиялык даярдыгын камсыз кылат. Окуучу анык бир академиялык негизги багыттардын бирин (бул негизги багыттар профилдик билим берүүнүн концепциясында аныкталат) тандап, ошол багыт боюнча 2,3 негизги предметти тереңдетилген деңгээлде окуйт. Бул тереңдетилген деңгээлдик билим берүү үчүн Cambridge International AS/A Level деңгээлин же ага эквиваленттүү деңгээлди камсыздаган программалар сунушталат. Академиялык-профилдик билим берүүдө окуучулар үчүн жогорку окуу жайларынын, орто кесиптик билим берүү мекемелеринин же окуу борборлорунун атайын программаларынын негизинде онлайн окуу мүмкүнчүлүгүн да түзүүгө болот.

❖ **Практикалык-профилдик билим берүү компоненти**

Практикалык-профилдик билим берүү компоненти 10–12-класстарда окуучунун алган теориялык билимдерин колдонмо көндүмдөр менен айкалыштырууга жана кесиптик багытын аң-сезимдүү тандоосуна шарт түзүүгө багытталат. Бул компоненттин алкагында окуучулар колдонмо курстарды, долбоордук иштерди, лабораториялык изилдөөлөрдү, өндүрүштүк тажрыйбанын элементтерин жана кесипке багыт берүүчү модулдарды өтүшөт.

Практикалык- профилдик билим берүү компоненти окуучуга толук кандуу кесип берүүнү эмес, эмгек рыногунда колдонууга мүмкүн болгон баштапкы квалификациялык көндүмдөрдү калыптандырууга багытталат. Бул компонент

аймактын социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрүнө жараша уюштурулуп, инженердик-техникалык, санариптик технологиялар, агротехнология, саламаттык сактоо, кызмат көрсөтүү жана ишкердик багыттарын камтышы мүмкүн. Окутуу модулдук принципте уюштурулуп, окуу процессине ар кандай билим берүү уюмдары тартылат. Натыйжада окуучу мектепти аяктаганда эмгек рыногуна керектүү баштапкы көндүмдөргө ээ болот.

Практикалык- профилдик билим берүү компонентти төмөнкү уюштуруу моделдери аркылуу ишке ашыруу сунушталат.

**“мектеп + кесиптик билим берүү мекемеси” тармактык (өнөктөштүк) модели**

Бул учурда мектеп менен кесиптик билим берүү мекемесинин ортосунда келишим түзүлүп, окуучулар белгилүү бир мезгилде кесиптик уюмдун базасында окуудан өтүшөт. Окуучулар жумушчу кесиптер боюнча практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүп, окуунун жыйынтыгында тиешелүү сертификат же квалификациялык ырастама алышат. Ошондой эле баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынан 240 саатан кем эмес көлөмдө билим алышып, мамлекеттик үлгүдөгү документке ээ болуу мүмкүнчүлүгүн да түзүүгө болот. Бул КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин (азыркы Агартуу министрлиги) 11.02.25 күнкү №165/1 “Положение о порядке выдачи и хранения документов государственного образца и иных документов строгой отчетности о начальном профессиональном образовании” буйругуна ылайык бекитилген нормага ылайык келген окуу программалары үчүн.

**“мектеп + инновациялык мектеп” тармактык (өнөктөштүк) модели**

Экинчи модель мектеп менен инновациялык мектептин өз ара келишиминин негизинде инновациялык мектептин базасында профилдик окутууну уюштуруу. Бул модель STEM лабораториялары, кванториумдар, технологиялык мастерскаялар сыяктуу жабдылган базада ишке ашырылат. Окуучулар кайсыл бир жумушчу кесиптин баштапкы базалык көндүмдөрүнө, инженердик-техникалык, IT же технологиялык багыттагы колдонмо көндүмдөрдү өздөштүрүшөт. Окутуунун жыйынтыгы кандайдыр бир сертификаттар менен тастыкталат.

**Мектептин базасында гибриддик окутуу модели**


Бул үчүнчү модель боюнча мектеп базасында профилдик окутуу уюштурулат. Бул учурда мектеп гибриддик (аралаш) окутуу формасын колдонуп кесиптик билим берүү мекемелери менен кызматташтыкта профилдик билим берүүнү ишке ашырат. Бул учурда окуучулар жогорку окуу жайлар, колледждер же окутуу борборлору тарабынан уюштурулган программаларды, атайын курстарды өздөштүрүшөт, ошондой эле мектепте жана жергиликтүү ишканаларда практикалык иштерди аткарышат. Моделдин мазмуну аймактын

социалдык-экономикалык муктаждыктарына ылайык аныкталат жана окуучунун жеке билим берүү траекториясын түзүүгө мүмкүндүк берет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде 10-12-класстарда билим берүү мазмунунун курамын кыскача төмөнкүдөй концептуалдык карта аркылуу чагылдырууга болот.

*Бул концептуалдык картада 2025-2026-окуу жылынын базистик окуу планынын 10-11-класстардын окуу жүгү толук бойдон базалык компоненттин окуу жүгү катары каралды. Базалык компоненттин, профилдик компоненттин окуу жүгүнүн көлөмүн тактоо менен цифраларга өзгөртүү кийирүүгө болот.*

**СТРУКТУРА СОДЕРЖАНИЯ ОБУЧЕНИЯ 10-12 КЛАССОВ**




STEM предметтери боюнча Cambridge International AS/A Level деңгээлин камсыз кылган окуу программаларынын болжолдуу көлөмүн сабактын (45 мүнөттүк) саны менен төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:

- Математика үчүн болжолдуу 340-360 сабак талап кылынат. Демек, 10(сабак)*34(жума)=340(сабак) деп эсептөө менен бир окуу жылында бул мазмунду толук аткарууга болот.
- Изилдөө иштерин аткарууга кеткен убакытты эске алуу менен химия үчүн жалпы 340-380 сабак талап кылынат.
- Ошондой эле биология предмети үчүн да жалпы 340-380 сабак талап кылынат.

Бул ченемдер Улуу Британиядагы Кембридж университетине караштуу эл аралык билим берүү жана баалоо уюмунун (Cambridge Assessment International Education)  Математика, Химия, Биология боюнча Cambridge International AS

& A Level деңгээлиндеги куррикулумунун негизинде аныкталды. Бул куррикулумдар менен төмөнкү шилтеме аркылуу таанышууга болот.

https://www.cambridgeinternational.org/Images/697357-2026-2027-syllabus.pdf
Cambridge International AS & A Level Mathematics - Further (9231)

https://www.cambridgeinternational.org/Images/664563-2025-2027-syllabus.pdf
Syllabus Cambridge International AS & A Level Chemistry 9701

https://www.cambridgeinternational.org/Images/664560-2025-2027-syllabus.pdf
Syllabus Cambridge International AS & A Level Biology 9700

Жогорудагыларды эске алуу менен предметтер боюнча профилдештирүүдө тереңдетилип окутулуучу предмет үчүн жалпы көлөмү 340 сабактан ашпаган көлөмдү пландоо сунушталат. Окуучунун жылдык окуу жүгүнүн нормалдык чеги 1020 саат экендигин эске алганда окуучу тандаган багыт боюнча аныкталган траекториянын окуу планында 6дан ашпаган предметтин камтылуусу максаттуу. Бул предметтердин үчөөсү негизги предметтер болуп, калганы дене тарбия, жарандык билим берүү, тилдерди үйрөнүү, санариптик сабаттуулук, академиялык жазуу сыяктуу предметтер болушу мүмкүн.

КМШда бирдиктүү билим берүү мейкиндиги (Единое образовательное пространство СНГ) бул Көзкарандысыз Мамлекеттер Шериктештигине (КМШ) кирген мамлекеттердин билим берүү системаларын өз ара шайкеш кылуу боюнча келишимдердин жыйындысы. Бул билим берүү мейкиндигин түзүүнүн максаты төмөнкүлөр:

- ✓ ар бир өлкө өз алдынча билим берүү саясатын жүргүзгөнү менен аттестаттар өз ара таанылсын
- ✓ бүтүрүүчүлөр бул өлкөлөрдүн ЖОЖуна тоскоолдуксуз кире алсын
- ✓ квалификациялар эквиваленттүү болсун
- ✓ билим берүүнүн деңгээлдери (мектеп–колледж–ЖОЖ) бири-бирине туура келсин
- ✓ окуучулардын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү камсыздалсын.

Кыргызстандын мектептик билим берүүсү бул билим берүү мейкиндигинин бир нече келишимдери менен бекилген принциптерди да сактоо менен 10-12-класстын окуу мазмунун түзүүсү зарыл.

## 10-12-КЛАССТАР ҮЧҮН ИЙКЕМДҮҮ ОКУУ ПЛАНДЫ ТҮЗҮҮ

Жогорудагы айтылган өзгөчөлүктөрдү, эл аралык практикадан алынган тажрыйбаларга ылайык окуу планын түзүүдө эске алынуучу жагдыйлар бар. Аларды принцип катары формулировкалоого болот.

**Окуу планын түзүүдө эске алынуучу принциптер:**

- ***Окуучунун тандоо эркиндигин камсыздоо***. Окуу планы окуучунун жеке билим берүү траекториясын түзүүгө мүмкүндүк берет. Окуучулар профилдик компонентте сунушталган бир академиялык багытты, бир кесиптик багытты тандоо менен билим алышат.
- ***Окуу планынын ийкемдүүлүгү***. Окуу планы милдеттүү базалык компонентти сактоо менен профилдик бөлүгүн аймактык өзгөчөлүктөргө, кадрдык жана материалдык мүмкүнчүлүктөргө жараша уюштурууга мүмкүндүк берет.
- ***Окуу жүгүн оптималдаштыруу.*** Профилдик баскычта окуу мазмуну «кең эмес – терең» принцибине ылайык уюштурулуп, окуучу бир мезгилде чектелген сандагы (орточо 5–7ден ашпаган) предмет боюнча тереңдетилген билим алат.
- ***Практикага багытталган мазмун.*** Профилдик билимдин жыйынтыгында окуучу кандайдыр бир жумушчу кесиптердин практикалык көндүмдөрүнө ээ болушат.
- ***Билим берүүнүн уланмалуулугу***. Профилдик билим берүү ЖОЖго, анын ичинде эл аралык ЖОЖдорго даярдоо же эмгек рыногуна даярдоочу баскыч болуп эсептелинет.
- ***ЖОЖ менен шайкештик***. Профилдик предметтердин курамы жогорку окуу жайларындагы тиешелүү билим берүү багыттарынын фундаменталдык талаптарына шайкеш келиши керек. Бул академиялык негизги багыттардын предметтерин тандоого негиз болуп берет.

**Окуу планын түзүүдө эске алынуучу рамкалар:**

- Окуу планынын биринчи бөлүгү базалык компонент (азыркы БОПко таянганда 2040 саат – 67%) деп аталып, ал жалпы билим берүүнүн милдеттүү бөлүгү.
- Окуу планынын экинчи бөлүгү профилдик компонент деп аталып академиялык-профилдик билим берүү (сунушталган көлөм – 780 саат (25%)) жана практикалык-профилдик билим берүү (сунушталган көлөм – 240 саат (8%)) багыттарынан турат.
- Жумалык окуу жүгү 29-30 саат.
- Окуу планынын профилдик компонентинде предметтердин саны 6дан ашпайт, 3 негизги предметтен (профилдик предмет), 3 кошумча предметтен турушу мүмкүн.
- Негизги предметтин жалпы көлөмү 340дан ашпаган.

**Базалык компонент**

Базалык компонент жалпы орто билим берүүнүн милдеттүү компоненти болуп, базистик окуу пландын негизинде жүргүзүлөт. (Бул мазмун Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан аныкталат).

**Академиялык-профилдик билим берүүнүн негизги багыттары (болжолдуу)**

| Академиялык негизги багыттар | Негизги предметтер |
|---|---|
| Инженердик | математика, физика, IT |
| Медициналык | биология, химия, математика |
| Экономикалык | математика, экономика, эсептөө математикасы (IT) |
| Гуманитардык | тилдер, адабият, тарых |
| IT | математика, программалоо, физика |
| ж.б.у.с. | |

**Практикалык-профилдик билим берүүнүн негизги багыттары (болжолдуу сунушталат)**

**Агро-технологиялык**
- айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү
- сугат, тамчылатып сугаруу ыкмалары
- теплица (күнөскана) иштерин билүү
- бакчачы, багбанчылык
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү
- мал чарбачылыгын жүргүү
- ветеринариянын негиздери
- экология, жайытты пайдалануу
- токой чарбачылыгы

**Инженердик-техникалык**
- электрик
- слесарь
-токарь, фрезеровщик
- механик

**Курулуш жана энергетика**
- курулуш иштери
- сантехника
- ширетүүчү
- энергетика

**Сервис**
- ашпозчу, кондитер
- тигүүчү, дизайнер
- кол өнөрчүлүк, улуттук кол өнөрчүлүк

**Туризм жана маданий мурас**
- мейманкана жана сервис кызматтар
- туризм, коммуникация, туристик сервис көрсөтүү
- чет тилдерин билген+сервис

**IT жана санариптик**
- компьютердик сабаттуулук
- графикалык дизайн
- программалоонун негиздери

**Ишкердик жана каржы сабаттуулугу**
- онлайн соода жүгүртүү, SMM
- робототехника жана STEM
- медиа жана контент жаратуу (мобилограф, видеограф)

## 10-12-КЛАССТАРДЫН ИЙКЕМДҮҮ ОКУУ ПЛАНЫНЫН МАКЕТИНЕ СУНУШТАР

**Ийкемдүү окуу планы** – бул билим берүү процессин уюштуруунун модели болуп, анда окуунун милдеттүү базалык компоненти бардык окуучулар үчүн сакталат, ал эми окуу убактысынын бир бөлүгү окуучунун тандаган билим берүү профилине, жеке билим берүү траекториясына, билим берүү уюмунун мүмкүнчүлүктөрүнө жана аймактык эмгек рыногунун муктаждыктарына жараша вариативдүү бөлүштүрүлөт.

Окуу планынын ийкемдүүлүгү төмөнкүлөр аркылуу ишке ашат:

- ✓ окуучунун профилдик предметтерди жана элективдик курстарды тандап алуусу;
- ✓ ар кандай билим берүү траекторияларын (академиялык профилдик же практикалык-профилдик) өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү;
- ✓ айрым модулдарды башка билим берүү уюмдарынын (колледждердин, жогорку окуу жайлардын, окуу борборлорунун, ишканалардын) базасында окуу;
- ✓ окуунун бир баскычынан экинчисине өткөндө өздөштүрүлгөн натыйжаларды жоготпостон предметтердин курамын өзгөртүү.

**1-вариант 10-12-класстар үчүн ийкемдүү окуу план**

| 1. | БАЗАЛЫК КОМПОНЕНТ (МИЛДЕТТҮҮ)<br>10-11-КЛАССТАР | | | |
|---|---|---|---|---|
| **1.1.** | Билим берүү чөйрөсү | **Окуу предмети** | **Класстар боюнча базистик вариант** | |
| | | | **10-класс** | **11-класс** |
| 1.2. | Филологиялык | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| 1.3. | Социалдык | | | |
| | | | | |
| 1.4. | Математикалык | | | |
| 1.5. | Табигый-илимий | | | |
| | | | | |
| 1.6. | Ден соолук маданияты | | | |
| | | | | |
| Жумалык окуу | | | **29** | **29** |
| Эмгек практикасы (күндөр менен | | | **14** | |

| 2 | **ПРОФИЛДИК КОМПОНЕНТ**<br>**11-12-КЛАСС** | | |
|---|---|---|---|
| 2.1. | Академиялык-профилдик билим берүү | | |
| 2.1.1. | Профилдик негизги предмет 1 | | |
| 2.1.2. | Профилдик негизги предмет 2 | | |
| 2.1.3. | Профилдик негизги предмет 3 | | |
| 2.1.4. | Кошумча предмет 1 | | |
| 2.1.5. | Кошумча предмет 1 | | |
| 2.1.6. | Кошумча предмет 1 | | |
| | **Жалпы** | **780 саат** | |
| 2.2. | Практикалык-профилдик билим берүү | | |
| 2.2.2. | Окуу курсу 1 | | |
| 2.2.3. | Окуу курсу 2 | | |
| | … … … | | |
| | **Жалпы** | **240 саат** | |

## 2-вариант 11-12-класстар үчүн интеграцияланган ийкемдүү окуу план (өткөөл мезгил үчүн)

| | | | |
|---|---|---|---|
| **10-КЛАСС** | | | |
| 1. Базалык компонент (986–1020 саат)<br>**(29-30саат*34жума=986-1020саат)** | | | |
| | **Билим берүү чөйрөсү** | **Окуу предмети** | **Базистик вариант** |
| 1.1. | **… …** | | |
| 1.2. | | | |
| 2. Профилдик компонент | | | |

| | **Курстун аталышы** | **Окутуу формасы (онлайн/офлайн)** | **Сааттын саны** |
|---|---|---|---|
| 2.1. | Жол кыймылынын эрежелери (ПДД) | онлайн | |
| | | | |
| **11-КЛАСС** | | | |
| 2. Базалык компонент (986–1020саат) **(29-30саат*34жума=986-1020саат)** | | | |
| | **Билим берүү чөйрөсү** | **Окуу предмети** | **Базистик вариант** |
| 1.1. | **... ...** | | |
| 1.2. | | | |
| 2. Профилдик компонент | | | |
| | **Курстун аталышы** | **Окутуу формасы (онлайн/офлайн)** | **Сааттын саны** |
| 2.1. | Практикалык-профилдик билим берүү курсу | | |
| | ... ... | | |